КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

# ЧЕЧИМ №_38

2021-жылдын 14-июлу Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы - Аттокуров У.Т.,

мүчөлөрү – К.Маматов, А.Эркинов, Ж.Айтбаева, Т.Жумабаев, К.Эрмеков, Т.Шаванов, З.Жусупова, Б.Зарипбек уулу, М.Мусаев.

1. **"Улуу Журт" саясий партиясынын төрагасы М.Орозбаевдин арызы боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу АШКнын мүчөлөрү, 2021-жылдын 13-июлунда "Улуу-Журт" саясий партиясынын төрагасы М.Орозбаев 2021-жылдын 11-июлунда болуп өткөн Ош шаардык кеңешине шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгаруу өтүнүчү менен кайрылган. Шайлоо учурунда өтө көп мыйзам бузуу катталгандыгын байкагандыгын билдирген.

"Улуу-Журт" саясий партиясынын төрагасы М.Орозбаевдин арызында Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоону жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, М.Орозбаевдин Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоону жокко чыгаруу сунушунан баш тартуу сунушу добушка коюлду.

**Макул – 9, Каршы – 1.**

Сунуш 9 добуш менен кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. "Улуу-Журт" саясий партиясынын төрагасы М.Орозбаевдин арызында Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоону жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, М.Орозбаевдин Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоону жокко чыгаруу сунушунан баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Аттокуров У.Т.**

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ысмайылова Б.А.**